*Бекитемин*
*Т. Сатылганов атындагы №69*
*окуу-тарбия комплекс-*
*гимназиясынын директору:*
*Атаева С. Т*

**№69 ОТГКнин айрым предметтерди тереңдетип окутуу классстары тууралуу ЖОБО**

1. **Жалпы жоболор.**

1.1. Бул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Предметтерди терең окутуу класстары бийик деңгээлдеги интеллектке жана адеп-ахлактуулукка тарбиялоого багытталып, орто жана жогорку билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылат. Предметтерди терең окутуу класстары профильдик сабактар боюнча жогорку деңгээлдеги билимди берип, окуу багытын эртерээк тандоого, чеберчилик потенциалын уламдан-улам бийиктетип өнүктүрүүгө жана чыңдоого шарт түзүп, өз алдынча жана илимий иштерди жүргүзүүнү үйрөтүүгө көмөк болот.

1.3. Айрым предметтерди терең окутуу класстары адискөйлүгү жогору окутуучулар, керектүү илимий-методикалык, окутуу жана материалдык шарттар бар жана тийиштүү социалдык муктаждык болуп турганда ачылышат.

1.4. Айрым предметтерди терең окутуу класстары мектептин статусуна ылайык мектептин Уставынын негизинде уюштурулуп, максаты – окуучулардын инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жана чеберчилигин жүзөгө ашырууга, аларды илимий-изилдөө иштеринин жана чыгармачылык тажрыйбасын өздөштүрүүгө үйрөтүү, КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын толугураак аткаруу.

1.5. Адистештирилген класстардын окуучуларынын жекече тандоосу окутуу-тарбия процессинин мазмуну жана уюштуруусуна таянып, ага мектептин инновациялык коштоосунун психологиялык кызматы колдоо көрсөтөт.

2. ***Жалпы билим берүү процессинин мазмуну жана уюштурулушу***

2.1. Айрым предметтерди терең окутуу класстарында окутуу бир багыттуу стратегияны камтыган билим берүү программасынын негизинде жүргүзүлөт.

Билим берүү программасы камтыйт:

- жалпы билим берүү окуу жайлары үчүн мамлекет тарабынан коюлган стандартка төп келген жалпы универсалдык билим берүүнү камсыздоо;
- окуучулар тарабынан айрым предметтер боюнча билим берүүнүн мазмунун өтө бийик деңгээлде өздөштүрүү жана профильдик предметтер боюнча кошумча курстарды окуу;
- гуманитардык сабактарды инсандын руханий дүйнөсүн байытууга колдонуу;
- өз алдынча жана илимий-изилдөө иштеринин тажрыйбасын топтоо жана өнүктүрүү;
- бүтүрүүчүлөрдү адистикти тандоого, жогорку окуу жайында өз алдынча чыгармачыл окууга даярдоо.

2.1. Айрым предметтерди терең окутуу класстары жогорку окуу жайлардагы окууга багытталган, билим берүүнүн ажырагыс компоненти болуп, профильдик сабактарды жана атайы предметтерди терең окутууну көздөгөн жекече окутуу пландары жана программалары боюнча иштешет.

2.2. Айрым предметтерди терең окутуу класстарындагы билим берүү процесси окутуу-тарбиялоо ишмердигинин түрлөрүнө ар кыл көнүмүш эмес ыкмаларын айкаштырган, окутуунун жана тарбиянын ийкемдүү формаларынын кеңири спектрин камтыйт.

2.3. Окуучуларга өзүнүн чыгармачыл чаңкоосун көңүл ачуучу, өнүктүрүүчү ишмердиктин ар кыл аспаптары аркылуу канаттандыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

2.4. Класста окугандардын саны 25 адамдан ашпашы керек.Класстар чет тил боюнча сабакта 2-3 топко бөлүнүшү зарыл.

**3. Предметтерди терең окутуу класстарына кабыл алуунун жана бүтүрүүнүн ирээти.**

3.1. Класска каттоодо баланын ден-соолугуна жана деңгээли жогорку программадагы бийик интеллектуалдык сабактарды окууга медициналык чектөөлөр бары-жогуна көңүл буруу зарыл.

3.2. Айрым предметтерди терең окутуу класстарга кирүүдөн мурда окуучулар, алардын ата-энелери (алардын ордуна келгендер) билим берүү мекемесиндеги билим берүү процессин регламентке салуучу документтердин бардыгы менен таанышып чыгышы керек.

3.3. Окуучуларды окуу жайга алуу жана чыгаруу маселелери Устав койгон ирээтте комиссия жана мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан биргеликте чечилет; чечимдер мектептин директорунун буйругу менен бекитилет.

3.4. Класстардын бүтүрүүчүлөрүнө орто билим тууралуу аттестат ыйгарылып, профильдик дисциплиналардын терең окутулган предметтери көрсөтүлөт.

3.5. Профильдик дисциплиналар боюнча жетишпей жаткан окуучулар жалпы орто билим окуу жайларынын программасы боюнча сынактан өтүп, мындан улам, аларга жалпы билим берүү окуу жайынын кийинки классына өтүү жана орто билим тууралуу аттестатты алуу мүмкүнчүлүгү берилет.

3.6. Айрым предметтерди терең окутуу класстар үчүн программаларды өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү: балдарды 2-класстан алганда – 10 жыл; 5-класстан алганда – 7 жыл; 7-класстан алганда – 6 жыл; 8-класстан алганда – 4 жыл; 10-класстан алганда – 2 жыл.

3.7. Окуудан күч келтирбөө үчүн окуучулардын жашына карата өзгөчөлүктөрүн эске алуу максатында мектептин администрациясы жана сабак өтүүчү мугалимдер биргеликте окуу планын түсөп, педсовет кабыл алат жана мектептин директору тарабынан бекитилет.

**4. Айрым предметтерди терең окутуу класстарын башкаруу**

4.1. Мектепте ачылган айрым предметтерди терең окутуу класстарынын ишмердиги Устав жана ички тартиптин эрежесине ылайык уюштурулат.

4.2. Бул класстарда иштөөчү педагогикалык жамаат бийик адискөйлүү адистердер топтолот. Профильдик сабактарды өтүү үчүн жогорку окуу жайлардын мугалимдери тартылат.

**5. Эл аралык ишмердик.**

5.1. Айрым предметтерди терең окутуу класстарына ээ болгон мектеп тийиштүү тартипте эл аралык ишмердикти жүргүзүүгө укуктуу.

**6. Айрым предметтерди терең окутуу класстарын жоюуу,кайрадан түзүү.**

6.1. Айрым предметтерди терең окутуу класстарын жоюуу,кайрадан түзүү КРнын Жарандык Кодекси жана “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.